Инв. 25

Инв. № 11.

МУСУЛМАНКУЛОВ М.

# "МАНАС"

Кичи кезат.

Институт языка, литературы и истории Кирг. ФАН СССР гор. Фрунзе
11- ...
Инв. № 75
1253-1363 с. 1979 г.
~~886~~.
5/I 47 г.
110 стр.

37.

1253

Кулак угуп көз көрбөс,
Албан түрлүү эл келди.
Туулгандан бер жакка
Төш кадам үйдөн чыкпаган.
Адамдын сөзүн укпаган,
Бет алган жагы ыктаган,
Кыйкырганды билбеген.
Кыжылдашып бир бирин
Тили башка тилдеген,
Сөзүн киши билбеген.
Чачы жерге сүйрөлгөн
Жаңдаганда күчтөнгөн.
Жалгыз көздүү жаңак баш
Жан көрбөгөн эл келди.
Суусуну көрсө жыгылат.
Жолду билбейт баарысы
Чуңкур жерге жыгылат.
Жыгылганын тургузбай
Үстүнөн өтөт тебелеп.
Ушундай жандар көп келди.
Айкөл Манас баатырым
Бого кимдер теңелет.
Акылыжан шашпаган
Атып турса качпаган
Олор жерин билбеген
Өрт чыккандай дүрбөгөн
Бет алган жагын караган.
Беттешкен киши жадаган.
Немене тийсе колуна.
Жазгандастан талаган.
Эштеме жок өзөндө
Бирден-бирден баштыгы
Илмелүү жүрөт мойнунда.
Бака жылан чаяндар
Баары жүрөт койнунда.
Мындай элди көрбөдүк
Көпчүлүгү үйгүрдүн
Тоо жамынып өрдөдүк.

Кабарга келген мен ошол
Кабылан төрө сен ошол.
Жайсаңбайдын кеби ошол
Асаптан айрып алуучу
Айкөл Манас сен ошол
Коргон менен билгенди.
Айтып келген мен ошол
Мындай заман акырда
Акылын тапчуу сен ошол
Жайсаңбай айтты мындай деп.
Жакшы жаман баарың ук.
Менин сөзүм кандай деп.
Жайсаңбайды таштайлы
Айкөл Манас баатырдан.
Акыркы сөздү баштайлы.
Кабар укту баатырың.
Ошону айтып Жайсаңбай
Тура берсин акырын.
Желектүү найза жерде ат.
Жергеси менен кырк жайсаң.
Баарына кабар салдырып,
Кан Бакайды баш кылып,
Айкөл төрө Кабылан
Чакыртып баарын алдырып,
Чар тарапка ат камдап,
Баарына кабар салдырып,
Аркы чети Арайтан,
Ага кабар салдырып,
Ак Эшенди баш кылып,
Андан кошун алдырып,
Кырым менен Кепеден
Бадакшан менен Мекеден
Ооган менен Калчадан
Оцондойдон канчадан
Кыран төрө бармакка.
Кытайга кыргын салмакка.
Азаматтар тандалып,
Адамдын баары камданып,
Жайсаңбайдын сөзүнө
Жанкы жагыз көзүнө.

39. 1255

Жандын баары таңгалып
Мылтыктын баарын сайлатып,
Баракдын баарын майлатып,
Кылыч кармап жайлатып,
Кулукдун баарын байлатып,
Мылтыктын баарын дүрмөттөп,
Эр Манасты урмөттөп.
Замбирекгин октошуп
Милтенин баарын чокдошуп
Баатырдын баары топтошуп
Чалдарды үйгө таштатып,
Найзага темир ашташып,
Карыны малга таштатып,
Кытайга жыргын салмака,
Кырандар ойноп маштатып.
Сай кулукту тантатып
Болоттун баарын чарктатып,
Ай балтаны таптатып,
Чарайналуу собилди.
Даяр кылып баатырлар.
Кокурокко каптатып,
Найза отпос темирди
Устадан уста тандашып,
Чоккуттардын баарысын
Ус катындар камдашып,
Усталарын билдирип
Зоот менен шаймалады,
Балбандарга кийдирип,
Найзаларды копшотуп,
Жазалгасын окшотуп,
Кырандарды болушуп,
Кылыч чаап конушуп.
Найзакечти болушуп
Сайыштырып корушуп.
Мылтыкчыны болушуп,
Атырышып корушуп
Адистердин баарысын
Алдыңкы сапка болушуп

Эл чогулуп калганча,
Маш ойнощун конушун.
Баатырлардын баарысын,
Экинчи сапка болушун,
Замбирекчи мылтыкчы
Занатын алып корушун.
Соң жаң менен болушун.
Элдин жайын билүүчү
Эролго жалгыз кирүүчү,
Жол билүүчү кыранды.
Жаза чаппас тынарды.
Кайнаган коодон качпаган
Карангыда кылычты
Кайкытып жаза чаппаган,
Бет алгандан жазбаган
Бирөө миңден качпаган
Өлүмдү ойго албаган,
Уруш десе калбаган.
Тынарынын баарысын
Эң астына жүргүн деп,
Кыраанынын баарысын.
Бакай болду карысы,
Маш ойногон баарысы
Сай күлүктү тандашып
Чарайналуу темирди
Зоотко киййип кантышып,
Кыраандардын баарысын,
Кыргыл баштап карысын.
Кырк чоронун кыраны
Кара кашка тынаары
Качырган жоону талкалап.
Кадимден ушу кылары
Баарысын машка үйрөткөн
Айкол Манас тынары.
Айкол Манас баатырдын
Аздап турсаң калайык.
Ар онорун угалы
Өлтүрсөк казы болобуз.
Өлсөк шейит болдук деп